# Карта колдонуучунун эсине

Банктык карта - бул товарларга жана кызматтарга акы төлөөнү накталай эмес формада жүргүзүү үчүн ыңгайлуу жана заманбап курал, ошондой эле акчаларды сактоо жана алып жүрүүгө ыңгайлуу. Эң негизгиси өзүңдүн каражаттарыңды алдамчылардан кантип сактоо керектигин билип алуу зарыл.

Төлөм карталары менен алдамчылык фактыларынын көбөйүшүнө байланыштуу, карталардын жеке маалыматтарын сактоонун маанилүүлүгүн эскертебиз. Тобокелдиктерди азайтуу жана накталай акчаңыздын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн төмөнкү көрсөтмөлөрдү сактоо маанилүү.

1. Кыргыз Республикасынын өз күчүндөгү мыйзамдарына ылайык ишеним кат боюнча картаны пайдалануу укугун өткөрүп берүүнү кошпогондо, картаны үчүнчү жакка бербеңиз.

2. Картаны кимдир бирөө ала турган жана/же картанын номерин/кол тамгасынын үлгүсүн/ CVV-кодун жана башка карта маалыматтарын көчүрө турган жерлерде калтырбаңыз.

3. Карта ээси жеке маалыматтарын: СМС- код, почтадагы тастыктоочу код, картанын номери, жарактуулук мөөнөтү же картанын экинчи бетиндеги CVV-коду, банктын жеке электрондук кабинетине кирүү үчүн маалыматтарды - телефон аркылуу, жеке өзү же электрондук почта билдирүүсү аркылуу, же мындай маалыматтарды сураган киши өзүн банк кызматкери катары тааныштырса дагы эч кимге бербеши керек. Банктын кызматкерлери бул маалыматты кардарлардан эч качан сурабайт, анткени ал конфиденциалдуу мүнөзгө ээ.

4. Картанын магниттик тилкесин бузуп албоо үчүн картаны электромагниттик нурлануу булактарына (уюлдук телефондор, телевизорлор, микротолкундуу жылыткычтар, аудио жана видео жабдууларга ж.б.) жакын кармабаңыз. Товарларды магниттик коддоо колдонулган жерлерде эсептешүүдө этият болуңуз-бул банкоматтарда жана ПОС- терминалдарда картаны иштетүүдө иштебей калууга же туура эмес иштетүүгө алып келет.

5. Карта ээси интернет-булактарындагы жеке электрондук кабинеттерге кирүү үчүн парольдорду ишенимдүү коргоону камсыз кылып, аларды эч кимге билдирбеши керек.

6. ПИН-кодду жашыруун сактоо үчүн аны картага жазбаңыз жана картаны жазылган ПИН- коддун жанында калтырбоо керек. ПИН-кодду үчүнчү жакка (тууган, кесиптеш, досторго ж.б.) билдирүү картаны санкциясыз пайдаланууга жана карта ээсине таандык акча каражаттарынын чыгымдалышына алып келиши мүмкүн. ПИН-кодду киргизүү менен жүргүзүлгөн операциялар карта ээси тарабынан ишке ашырылган катарында таанылып, талашып-тартышууга жол жок.

7. Банкоматта операция жүргүзүүдөн мурун, банкоматтын иштебей калгандыгынын тышкы белгилери жок экендигине көңүл буруңуз. Аппараттын жанында же андан башка нерселерди байкаган болсоңуз банкоматты тейлеген банкка кабарлаңыз. Экранда башка банкоматтарга өтүүнү суранган билдирүүлөрдү көрсөткөн түзмөктөрдү колдонуу сунушталбайт.

8. Соода түйүндөрүндө карта менен бардык операциялар анын ээсинин катышуусунда жүргүзүлүүгө тийиш. Сатып алууда аны көз жаздымда калтырууга болбойт жана транзакция аяктагандан кийин, анын аныктыгын текшерип, картаны дароо алуу керек.

9. Шектенүү жараткан билдирүүлөрдү жок кылуу жана жайылтпоо керек. Эгерде болбой эле сунушталган ссылка боюнча белгисиз сайтка өткөн учурда дагы, тигил же бул нерсеге төлөм жүргүзүүгө өзүңүздүн картаңыздын маалыматтарын терип киргизбеңиз.

10. Сиз күтпөгөн электрондук почта билдирүүлөрүнөн файл тиркемелерин эч качан жүктөп албашыңыз керек. Бейтааныш адамдардан жиберилген интернеттеги электрондук почта, мессенджер жана социалдык тармактардагы шек score санаткан же түшүнүксүз ссылкаларга өтүү өтө кооптуу.

11. Картанын ээсине жиберилген веб-сайттын дарегин (URL) кылдат талдап чыгуу зарыл. Көпчүлүк фишинг (интернеттеги алдамылыктын бир түрү) учурларында, сайт чыныгы сайт катарында көрүнгөнү менен, URL оригиналдан башкача болушу мүмкүн (мисалы, .gov ордуна .com менен аяктайт).

12. Картанын ээси менен (мисалы, карта боюнча шектүү операция болгон учурда) телефон/электрондук почта/SMS аркылуу байланышуу мүмкүнчүлүгүн эске алып, банкка берилген байланыш маалыматын жаңыртыңыз.

13. Браузериңизди жаңыртып, коопсуздукту жаңыртуу программаларын өз убагында орнотуп турушуңуз керек.

Расмий сайтта көрсөтүлгөн телефондор аркылуу банк менен байланышып, күмөн жараткан маалыматты кайра текшериңиз. Байланыш борбору, кардарларга жардам берүүнүн биринчи линиясы катарында, ар дайым актуалдуу маалыматтарга ээ жана сизге ыкчам кеңеш бере алат.

www.ksbc.kg
bank@ksbc.kg
+996 (312) 54 34 24
+996 (705) 54 34 24
+996 (755) 54 34 24
+996 (222) 54 34 24

Лицензия НБКР №020